
# КАМКОРДУК



Автор: Наргиса Карасартова

Сүрөтчү: Алёна Дин

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# КАМКОРДУК

Автор: Наргиса Карасартова
Сүрөтчү: Алёна Дин
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Камкордук" (кыргыз тилинде), автор Наргиса Карасартова, сүрөтчү Алёна Дин, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Забота*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom




Аминага ата-энеси тарбиялуу бол, улууларды урматта, аларга жардам бер деп үйрөтчү.

– Үйдө эч ким жок болсо мындай камкордукту кимге көрсөтөт?


Чоң энеси туугандары менен майрамдап кеткен, апасы менен атасы болсо жумуштап бир жактарга чыккан.



– Үйдү жыйнасамбы? – Амина терезенин жанында отуруп ушундай ойлонду.


– Бирок алардын үйлөрү ансыз да таза. Кир жуусамбы? Үйдө кирлер деле жок экен. Макул, баары бир жакшы бир нерсе ойлоп табам. Жакындарга камкордук кылуу керек да...

Ошол убакта терезеден Гульнара эжекесинин булардыкына келе жатканын көрүп сүйүнүп кетти.



Эжекеси үйгө кирди, тууганынын бетинен өөп туруп сурады:

– Жума бою өгүздөй иштедим, жолдо да абдан чарчадым. Сага таттуулардан алып келдим, жейсиңби? Мен болсо кирип, бир сааттай уктап алайын, эс алып, анан турамын. Айылдан Бишкекке келиш деле кыйын болуп калыптыр.



– Гульнара эжекеси өгүздөй иштесе, бул эмнеси? А карышкырдай турбайбы. Бирок карышкырлар иштебейт да, жөн гана токойдо ачка бойдон чуркап жүрө берет. Эч нерсе түшүнгөн жокмун. Мейли, анан сурап алам. Бир гана билгеним: эжекем аябай чарчаптыр, анан да ачка болуптур. Ага бир сюрприз камдайын. Тамак жасай албаганым кандай өкүнөрлүк, – Амина кайгырды.

Анан эстей калды:


– Апамдын картошка кууруп жатканын көрчү элем го, мен деле ошондой кылып көрбөймүнбү.



Кыз картошка салынган анча чоң эмес чаканы алып келди. Стулга отурду, жанына табакты койду да, картошканы тазалап кирди. Бир картошканы тазалады, экинчисин, үчүнчүсүн...

– Ой, бул аябай көңүлсүз экен! Балким, бир аз көңүл көтөрүү керек, ошону үчүн ырдаганча картошка аарчу зарыл, – кичинекей ашпозчу ушинтип ойлонду.

Ал колун жайып ырдаганча картошкаларды да тазалап бүттү.



Анан табакты карап таң калды:

– Картошкалар көп эле эмес беле, аз калыптыр го. Алар кир да экен, эми жууш керек.

Аларды жууп бүтүп Амина сковородкага салып кууруп баштады. Бир нече мүнөттөн соң Гульнара эже уктоочу бөлмөдөн атып чыкты.




– Фу, бул жыт кайдан келип атат!? Эмнеге ашканада бүт картошканын кабыктары жатат?! Амина, муну сен кылдыңбы?

– А мен сизге кичинекей сюрприз жасайын дегем. А сиз карышкырдай иштеп келбедиңизби, жолдо чарчадыңыз, анан ачка да болдуңуз.

– Мен карышкырдай эмес, өгүздөй иштедим.

– А кандай айырмасы бар?

– Өгүз – бул уйдун эркегинин чоңу, мурда талаада аны иштетишкен, – деди эжекеси жана табакка тигилди. Анда күйүк картошканын бир бөлүгү жаткан.



– Амина, сенин бир туугандарың тууралуу мындай ойлогонуң жакшы. Жардам берүү жана камкордук кылуу – туура. Сен бир тамакты чогуу жасаганды карап билип алышың керек, мисалы, оромо?

– О, мен оромону аябай жакшы көрөм.

– Анда мен камыр жууруганча, сен картошка тазалап жибер.

– Андан көрө келиңиз камырды мен жасайын.
А картошканы кандай аарчыганды билемин да.

Гульнара эжекеси жылмайып койду да кичинекей жардамчысынын айтканына көндү.

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Наргиса Карасартова
Сүрөтчү: Алёна Дин
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли